| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ** | | **ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

# БУЙРУК

№ 103 24.04.2026-ж. Бишкек шаары

## Акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер боюнча

“Энергетика жөнүндө”, “Электр энергетикасы жөнүндө”, “Энергиянын кайра жаралуучу булактары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 24-апрелиндеги № 227 “Кыргыз Республикасынын 2025-2030-жылдарга электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндө» токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн маселелери жөнүндө” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого ылайык, отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу маселелери боюнча комиссиянын 2026-жылдын 24-апрелиндеги № 06/23 протоколдук чечимин эске алуу менен **буйрук кылам**:

1. 2026-жылдын 1-майынан тартып акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер ушул буйруктун 1, 2 жана 3- тиркемелерине ылайык белгиленсин.

2. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы ушул буйрукту электр энергия менен камсыз кылуучу уюмдардын даректерине жөнөтсүн.

3. Маалымат катчы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жалпыга тааныштыруу үчүн жарыяласын.

4. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2025-жылдын 29-апрелиндеги № 89 “Акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө” буйругу 2026-жылдын 1-майынан тартып күчүн жоготту деп табылсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т.Э. Орозалиев**

Кыргыз Республикасынын
Энергетика министрлигине караштуу
Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу
боюнча департаменттин
20____ жылдын « _____» ________________ №_____
буйругуна **1-тиркеме**

**Акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына (Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун “Калк" жана “Насостук станциялар” керектөөчүлөрүнүн топторунан тышкары) (салыктарды эске албаганда)**
**ТАРИФТЕР**

| № | Керектөөчүлөрдүн топтору | Чен бирдиги | Тариф |
|---|---|---|---|
| **1** | Калк, анын ичинде: | | |
| **1.1** | Айына 700 кВтска чейин керектөөдө (бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда жашаган калктан тышкары) | сом/кВтс | 1,64 |
| **1.2** | Айына 700 кВтстан ашык керектөөдө (бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда жашаган калктан тышкары) | сом/кВтс | 2,94 |
| **1.3** | Бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда жашаган калк үчүн | сом/кВтс | 1,64 |
| **1.4** | 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) «үй-бүлөгө көмөк» ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр айына 700 кВтска чейин керектөөдө | сом/кВтс | 0,50 |
| **1.5** | 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) «үй-бүлөгө көмөк» ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр айына 700 кВтстан ашык керектөөдө | сом/кВтс | 2,94 |
| **1.6** | Калк үчүн, чектөөсүз | сом/кВтс | 4,17 |
| **2** | Социалдык жана коомдук керектөөчүлөр | сом/кВтс | 2,96 |
| **3** | Электр мобилдерди кубаттоо боюнча станциялары | сом/кВтс | 5,99 |
| **4** | Өнөр жай керектөөчүлөрү | сом/кВтс | 3,65 |
| **5** | Коммерциялык керектөөчүлөр | сом/кВтс | 4,33 |
| **6** | Бюджеттик керектөөчүлөр | сом/кВтс | 4,62 |
| **7** | Энергияны көп көлөмдө керектөөчүлөр | сом/кВтс | 6,84 |

Кыргыз Республикасынын
Энергетика министрлигине караштуу
Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу
боюнча департаменттин
20____ жылдын « _____» ________________ №_____
буйругуна **2-тиркеме**

**Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун жана Кара-Көл шаарынын Жазы-Кечүү айылынын жана Кара-Көл шаарынын “Калк” жана “Насостук станциялар” керектөөчүлөрүнүн топтору үчүн электр энергиясына (салыктарды эске албаганда)**
**ТАРИФТЕР**

| № | Керектөөчүлөрдүн топтору | Чен бирдиги | Тариф |
|---|---|---|---|
| 1 | Калк, анын ичинде: | | |
| 1.1 | Айына 150 кВтска чейин керектөөдө | сом/кВтс | 0,25 |
| 1.2 | Айына 150 кВтстан ашык 700 кВтска чейин керектөөдө (бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда жашаган калктан тышкары) | сом/кВтс | 1,64 |
| 1.3 | Айына 700 кВтстан ашык керектөөдө (бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда жашаган калктан тышкары) | сом/кВтс | 2,94 |
| 1.4 | Бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда жашаган калк үчүн | сом/кВтс | 1,64 |
| 1.5 | 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) «үй-бүлөгө көмөк» ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр айына 150 кВтстан ашык 700 кВтска чейин керектөөдө | сом/кВтс | 0,50 |
| 1.6 | Калк үчүн, чектөөсүз | сом/кВтс | 4,17 |
| 2 | Социалдык жана коомдук керектөөчүлөр | сом/кВтс | 0,25 |

**Эскертүү:**

1. “Жалал-Абад областындагы Токтогул районунун жана Кара-Көл шаарынын ЖазыКечүү айылынын аймагында Токтогул ГЭСин жана суу сактагычын куруудa келтирилген зыяндарды компенсациялоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесине ылайык Токтогул районундагы жана Кара-Көл шаарынын Жазы-Кечүү айылындагы калк пайдаланган жана насостук станцияларды иштетүүгө керектелген электр энергиясы үчүн төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген керектөө ченемдерин эске алуу менен Токтогул ГЭСинде иштелип чыккан электр энергиясынын өздүк наркы боюнча жүргүзүлөт.

Жеңилдиктердин кайталанышын болтурбоо максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-апрелиндеги № 206 “Бийик тоолуу жана алыскы барууга кыйын болгон зоналардагы оор, жагымсыз жаратылыш-климаттык шарттарда жашаган адамдарды мамлекеттик колдоонун кошумча чаралары жөнүндө” токтомуна ылайык белгиленген электр энергиясына төлөмдүн 50% өлчөмүндөгү компенсация ушул тиркеменин 1-пунктунун 2-пунктчасында көрсөтүлгөн тариф колдонулат.

2. 2-пунктта көрсөтүлгөн тарифтер насостук станциялар үчүн гана колдонулат.

Кыргыз Республикасынын
Энергетика министрлигине караштуу
Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу
боюнча департаменттин
20____ жылдын « _____» ________________ №_____
буйругуна **3-тиркеме**

## Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу менен иштелип чыккан электр энергиясын өндүрүүчүлөр үчүн тарифтин чектүү деңгээли

| № | Керектөөчүлөрдүн топтору | Чен бирдиги | Тариф |
|---|---|---|---|
| **1** | Энергиянын кайра жаралуу булактары | сом/кВтс | 3,40 |